***Садыков Э. Э.*** *- КМЮАнын изилдөөчүсү*

**УДК 347.97+347.991(575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН СОТТУК ТАЖРЫЙБАСЫНДАГЫ АЙРЫМ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

***Аннотация:*** *Макалада КРнын конституциялык палатасынын иш аракеттери каралып ага карата аны өркундөтуу боюнча сунуштар берилет.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается деятельность Конституционной палаты КР и дается рекомендации для его развития.*

***Annotation:*** *The article is about the activity of Constitutional Chamber of the Kyrgyz Republic and it is given recommendations for its development.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституциялык палата, конституциялык көзөмөл, конституциялык палатанын текшеруу объектилери, кайрылуулар, соттор*

***Ключевые слова:*** *Конституционная палата, конституционный контроль, объекты проверок Конституционной палаты, обращения, судья.*

***Keywords:*** *Constitutional Chamber, constitutional review, objects of inspections of the Constitutional Chamber, applications, judge.*

Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасы башкаруу укугун камсыздоодо жана Конституцияны туз колдонууда, жарандардын конституциялык укугун коргоодо, ошондой эле бийликти бөлуштуруу принцибин ишке ашырууда жана алардын арасындагы каршылыктарды укуктук негизде чечууде маанилуу ролду ойнойт. Кыргыз Республикасында Конституцияны укуктук коргоо чөйрөсундөгу жыйынтыктардын жалпы баасы негизинен дурус. Бирок бугунку кунгө чейин конституциялык көзөмөлдөө менен кузөтуунун абдан ыңгайлуу жана алгылыктуу моделин табуу жана иштеп чыгуу иштери дагы деле жургузулуудө.

Коституциялык палата - Кыргыз Республикасындагы сот бийлигинин жаш өкулу. Конституциялык палатанын орношу жана эффективдуу иш аракети каршылыктарды чечуугө жардам көрсөтуусу зарыл жана аталган конституциялык көзөмөлдөө институту кепилдик беруугө милдеттуу, жогоруда эскертилген каршылыктар укуктук чектен тышкары чечилуусунө жол бербейт, анткени саясий курөштун радикализациялоосуна алып келиши мумкун, ал өз кезегинде, Кыргызстанга мунөздуу шарттарга, тактап айтканда, саясий элиталарда регианализмдин өнугушунө, мамлекеттуулукту чечуудө көзөмөлдөөнун жок болуусуна жана коомчулуктун жалпы дестабилизациалоосуна алып келиши мумкун.

Бугунку куну Конституциалык палатага өзунун алгачкы этабында кайрылуулардын көп болгонун, бардык кайрылган тараптар өз учурунда жооп алууга укуктуу экенин жана андан тышкары Конституциалык палата начарлап калган аброюн жана коомчулуктун ишенимин калыбына келтируудө, ошондой эле «октолгон» саясий чөйрөну тынчтандыруу учурда иштегенин эч коркпостон айтса болот.

Буга байланыштуу 2011-жылдан 2014- жылга чейинки 4 жылдын аралыгы жөнундө сөз болот. 2011- жылдан баштап азыркы учурга чейин Конституциалык палата тарабынан 200 ден ашык кайрылуулар каралгандыгы жана ал кайрылуулар анын олутуу иш аракетиндеги активдуулугунун кубөсу боло алат. Конституциялык палата өз алдынча багыт катары мамлекеттик иш аракетинде конституциянын ченемдик укуктук актылардын мыйзамдуугугун текшеруусу менен жургузулөт.

Дуйнөлук тажрыйба далилдегендей, конституциялык көзөмөлдөө объектилеринин саны акырындап өскөн жана бул объектилердин топтому ар бир мамлекетке жекече таандык.

Ошондой эле конституциялык палатанын текшеруу объектилери айырмаланбайт жана жеткиликтуу турдө ар башкача. Кыргыз Республикасынын Конституциасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларга шайкеш келген иштер гана боюнча жетишерлик көлөмдө статистикалык маалыматтар, ошондой эле Кыргызстандагы укуктук колдонулуучу тажрыйба маселелерди конституциалык палата кабыл алган чечимдер менен жыйынтыкталат.

2014-жылы 9 айдын ичинде гана Конституциалык палата тарабынан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын алкагында Кыргыз Республикасынын Конституциясына шайкеш келгендиги жөнүндөгү 89 кайрылуулар каралган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциалык палатасынын тузулгөнунөн баштап кыска мөөнөттун ичинде (2011-2013), анын дарегине Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан, юристтик жактардан жана жарандардан 194 кайрылуу келип тушкен. Конституци-алык палатада колдонулуучу каттоо баракчалар системасы документтердин аткарылышын жана жургузулушун иргеп чыгуусуна мумкундук тузөт, жалпы көрсөткучтөргө анализ жургузулөт.

Конституциялык палатанын дарегиндеги кайрылуулардын көпчулугун эки негизги тургө бөлуп караса болот:

- Конституциялык палатанын сотторунун та-анышуусун (уйренушун) карап чыгуусун талап кылган кайрылуулар жана соттордун таанышуу-сун (уйренушун) кара чыгуусун талап кылбаган кайрылуулар.

Биринчи учурдагы келип тушкөн кайрылуулар, соттор коллегиялары тарабынан ар бир кайрылууну кабыл алууну же кабыл албоону карап чыгуу маселелерин чечуу каралат.

Экинчи учурдагы келип тушкен кайрылуулар, Конституциялык палатанын аппараты тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнундө» 55-беренесинин жобосуна дал келуусу каралат.

Каралып жаткан учурдагы 194тун 154 кайрылуусу (же 79,4% ) биринчи турунө, жана 40 кайрылуусу (20,6%) экинчи турунө келип тушкөн.

Биринчи тур кайрылуунун көпчулугу Конституциялык палатанын дарегине жарандардан (80,14% кайрылуу) келип тушкөн. Башка субъектилерден: юридикалык жактардан - 7,1%, соттор-дон 11,34%, мамлекеттик органдардан - 1,42%

Соттордун таанышуусун талап кылбаган маселелер камтылган кайрылууларга Конституциялык палатанын аппараты тарабынан тушундурмөлөру менен жооптор берилген.

Конституциялык палатага келип тушкөн кайрылуулар кеңири спектрдик маселелерге тиешелуу. Кайрылуунун көпчулук саны ченемдик укуктук актыны конституциялуулугун аныктоо тууралуу талашуу Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтунун Декрети боюнча мамлекеттик менчик мулктөрду улутташтырууга(6,38%), «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпы аскердик милдеттери жөнундө, аскердик жана альтернативалык кызмат өтөө жөнунде» мызамы боюнча(9,93%) жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдорун жана жергиликтуу соттордун чечимдерин конституциялык эмес деп эсептөө менен жокко чыгарууга (14,18%) кайрылган бөлук.

Статистика көрсөткөндөй, каралып жаткан кайрылуунун 51,06% иштеп чыгуудан кийин кабыл алынганы жок деп кайрып беруу жообун алышканы соттук коллегилар тарабынан тиешелуу аныктамалар берилген.

Бул учурдагы иштеп чыгуудан кийин кабыл алынган кайрылуулардын көпчулук пайызы КР жарандарынан келип тушкөндөр. Иштелип чыгуудан кийинки арыздардын жок деп тануу ар бир учунчусу болду (8,4% жок деп тануусу даттанууга жиберилген). Кайрылуунун кайсы бир бөлугу арызданууучулар тарабынан кайра кайтарылып алынган.

Статистика керсеткендей, жок деп кайрып беруунун иштеп чыгуусунун негизги себеби кайрылуунун конституция мыйзамында белгиленген 24 жана 25 беренелериндеги (ишти карап чыгуунун негизи жана кайрылууга болгон жалпы талаптар) талаптарга жооп бербегендиги болуп саналат.

Демек, конституциянын мыйзамынын 24 беренесинин негизи ишти карап чыгууга, 25-берене кайрылуунун талаптарынын тизмесин белгилейт, алардын ичинде белгиленген анализдин максаты катары төмөнкулөрду белгилесе болот: кайрылуучу тарап өзунун көрсөткөн талабын, аныктамасын далилдуу фактылар менен аныктап, кайрылуучунун коюлган маселеге болгон позициясын жана Конституциянын нормаларына белгиленген таянууга анын дал келиши укуктук жактан негизделиши болуп эсептелет. Маселенин ачык эместиги белгилуу болуу менен - Конституция мыйзамына дал келиши, башка

ченемдик укуктук актынын Кыргыз Республикасы учун эл аралык келишим же Конституцияга өзгөртуу киргизуу мыйзамынын проектиси жөнундөгулер эсептелет.

Белгилуу бир учурларда Конституциялык палатанын Аппараты ошондой эле документтерди жана кайрылууларды талапка жооп бербеген субъектилер боюнча жиберилгендигин негиз кылып кайра жөнөтөт.

Кайрылуулардын анализи керсеткендей, тар-тип боюнча кайрылуунун субъектилеринде (2) кайрылууга коюлуучу талаптар боюнча, (3) Конституциялык палатага кайрылууну женетуу укугунда болгон субъектилердин курамы боюнча жана (4) кайрылуунун негизи боюнча керектуу маалыматтардын жок экендиги менен (1) берилген.

Жогоруда келтирилген маселелер боюнча потенциалдык субъектилердин кайрылуу маалыматтары менен жургузулуучу иштердин кучөтулушу зарыл экендиги сунушталат.

Ошондуктан диссертанттын ою боюнча Конституциялык палатанын ишин өркундөтуу максатта Конституциалык палатага кайрылуунун субъектилери менен тааныштыруу зарыл экендигин белгилеп, төмөндөгулөрду сунуштайт:

- Констутциялык палатанын соттук тажрыйбасы жөнундөгу бардык маалыматтарды токтоосуз жацылоо жана жайылтуу;

- жакынкы жана алыскы өлкөлөрдөгу конституциялык контролду жургузуу органдарынын ишмердуулугунун жетишерлик он тажрыйбаларын жана анализдерин, иштеп чыгууларын, чогултууларын ишке ашыруу;

- Констуциялык палата киргизген соттук актыларды жана аларды мамлекеттик жана башка органдардын, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын аткарышына анализ жургузуу.